## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын сентябрь айы)*

Сентябрь айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу ишке ашырылган. Рыноктун катышуучулары тарабынан 280,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 12,0 пайызга көп. Сатуулардын мындай көбөйүүсү коммерциялык банктар тарабынан жигердүүлүгүнүн өсүшүнөн улам жүргөн (бир коммерциялык банк кыйла жигердүүлүктү көрсөткөн), 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышкан институционалдык инвесторлор тарабынан кызыгуусу мурдагыдай эле деңгээлде турган.

Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 45,1 пайыздык пунктка төмөндөп 29,5 пайызды түзгөн. Мында, баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 14,6 пайызды түзүү менен өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда бир аз төмөндөгөн (-0,4 пайыздык пункт). МКО кирешелүүлүгүнүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, мамлекеттик баалуу кагаздардын бул түрүнө көпчүлүк банктар тарабынын кызыгуусу алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүү мүнөзүнө байланыштуу салыштырмалуу жогорку эмес калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Сентябрь айында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 5,7 млрд. сомго чейин көбөйгөн (+2,2 пайыз). Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 2,0 пайыздык пунктка (52,7 пайызга чейин) көбөйүүсү байкалган, ал эми институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 2,0 пайыздык пунктка төмөндөп, 47,3 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. 2013-жылдын сентябрь айында МКО рыногунда 0,1 пайыз үлүшү менен юридикалык жактар-резиденттер катышуусун жигердештирген.

Айдын жыйынтыктары боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,29да түптөлгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Бул индекс банктардын портфелинде баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. | |
| | | Сумма | алыш. салма | Сумма | лыш. салм | Сумма | алыш. салма | Сумма | алыш. салма |
| Сентябрь'2012 | 4,092,450.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,373.2 | 59.7% | 1,647,874.6 | 40.3% | 3,160.2 | 0.1% |
| Октябрь | 4,362,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,441,473.2 | 56.0% | 1,917,874.6 | 44.0% | 3,160.2 | 0.1% |
| Ноябрь | 4,561,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,476,473.2 | 54.3% | 2,081,874.6 | 45.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Декабрь | 4,750,550.0 | 0.0 | 0.0% | 2,486,473.2 | 52.3% | 2,260,874.6 | 47.6% | 3,160.2 | 0.1% |
| Январь'2013 | 4,841,300.0 | 0.0 | 0.0% | 2,536,223.2 | 52.4% | 2,301,874.6 | 47.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Февраль | 4,955,200.0 | 0.0 | 0.0% | 2,650,123.2 | 53.5% | 2,301,874.6 | 46.5% | 3,160.2 | 0.1% |
| Март | 5,075,200.0 | 0.0 | 0.0% | 2,770,123.2 | 54.6% | 2,301,874.6 | 45.4% | 3,160.2 | 0.1% |
| Апрель | 5,089,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,784,623.2 | 54.7% | 2,301,874.6 | 45.2% | 3,160.2 | 0.1% |
| Май | 5,107,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,707,009.2 | 53.0% | 2,397,488.6 | 46.9% | 3,160.2 | 0.1% |
| Июнь | 5,612,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,796,903.1 | 49.8% | 2,812,594.7 | 50.1% | 3,160.2 | 0.1% |
| Июль | 5,728,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,796,903.1 | 48.8% | 2,928,594.7 | 51.1% | 3,160.2 | 0.1% |
| Август | 5,598,700.0 | 0.0 | 0.0% | 2,838,031.9 | 50.7% | 2,757,465.9 | 49.3% | 3,160.2 | 0.1% |
| Сентябрь | 5,720,480.0 | 0.0 | 0.0% | 3,012,511.9 | 52.7% | 2,704,765.9 | 47.3% | 3,160.2 | 0.1% |